**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**«13»-апрель 2026-жыл**

**X чакырылыш
кезектеги XXV сессия**

**ТОКТОМ №1 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаардык кеңешинин X чакырылышынын 11.08.2025-жылдагы кезектеги XI сессиясынын №8-токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Ченемдик укуктук актылар жөнүндө” мыйзамынын 17-беренесинин негизинде, Мамлекеттик салык кызматынын Жалал-Абад облусунун Манас шаары боюнча башкармалыгынын 23.02.2026-ж. чыг.№01-6/1319 сандуу каты Манас шаардык депутаттар кеңешинин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, комиссиянын корутундусунун негизинде Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXV сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Манас шаардык кеңешинин X чакырылышынын 11.08.2025-жылдагы кезектеги XI сессиясынын №8-токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:

3-пунктундагы “Жалал-Абад шаарынын аймагында жайгашкан мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, юридикалык жана физикалык жактарга ишкердик үчүн багытталган имараттардын ээлери, анын ичинде курулушту же анын бир бөлүгүн ижарага берүүчүлөр бекитилген аянтты жана жумушчулардын санына жараша ставка менен 100 сом өлчөмүндө таштандыларды ташып чыгуу үчүн жыйым бекитилсин жана ар жылы 1-апрелге чейин төлөнөөрү” деген сөздөрдөн кийин **“жана эсептөөсү”** деген сөздөр менен толуктaлсын.

2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кенештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын шаардык кенештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

4. Ушул токтом Манас шаардык депутаттар кеңешинин www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыялангандан тартып күчүнө кирсин.

**Төрага** **Талант у.А.**